Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 6-мартындагы № 261/1 буйругун негизге алып "Мариф" билим берүү комплексинин директору тарабынан бекитилди
Буйрук № TMF-BSK-GNR-032-22
"24" февраль 2022-жыл

# ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын 25-беренесинин 10-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамынын 18-беренесинин 3-бөлүгүнө жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын типтүү жобосун бекитүү жөнүндөгү» 2011-жылдын 12-сентябрындагы № 541 токтомунун 46-47-беренелерине ылайык жана «Маариф» билим берүү комплексинин Уставынын негизинде иштелип чыккан.

2. Жыйынтыктоочу аттестация – бул негизги жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларынын өздөштүрүүдө окуучулардын ийгилигин аныктоонун каражаты жана окуучуларын даярдык сапатын баалоодо объективдүүлүк жана көз карандысыздык принциптеринин негизинде жүргүзүлөт.

3. Билим берүү комплекси негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндөгү Жобо атестацияны өткөрүү түрүн, катышуучулардын мөөнөттөрүн, жана узактыгын, сынак иштерин өткөрүү жана аларды баалоо тартибин, арыздарды (апелляцияларды) берүү жана карап чыгуу, аттестациянын жыйынтыктарын өзгөртүү жана (же) жокко чыгаруу тартибин аныктайт.

4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация төмөнкүдөй түрдө өткөрүлөт:

4.1. Билим берүү комплекси негизги жалпы жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулары үчүн тесттерди, темаларды, тапшырмаларды, билеттерди колдонуу менен жазуу жана оозеки сынактар;

4.2 Билим берүү комплекси жалпы билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулар үчүн текшерүү, өлчөө, ченөө материалдарын камтыган стандарттaшкан тапшырмалар комплексин колдонуу менен стандарттaшкан тестирлөө түрүндө (мындан ары текстте СТ түрүндөгү ЖМА)

5. ЖМАнын (НМС) максаттары төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын мамлекттик тили жөнүндө» мыйзамдарынын аткарылышына көзөмөл кылуу;

- Окуучулардын негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларынын өздөштүрүү натыйжаларынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына шайкеш келүүсүн аныктоо;

- Билим берүүнү башкаруу системасына өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн мектеп ичинде мониторинг жана талдоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу.

6. ЖМАнын (НМС) мектептин предметтик комиссиялары тарабынан жүргүзүлөт.

7. ЖМАнын (НМС) окутулуп жаткан кыргыз жана орус тилинде, базистик окуу планы менен шайкештикте орнотулган тартипте өткөрүлөт.

**2. Жумушчу органдарынын кызмат милдеттери.**

2.1 ЖМАнын (НМС) жумушчу органдары болуп Кырыгыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (текстте мындан ары министрлик), Кыргыз билим берүү академиясы (текстте мындан ары КБА), билим берүү комплекси, талаш- тартыш маселелерин чечүү комиссиясы (тексте мындан ары- ТК) жана предметтик комиссия (текстте мындан ары ПК) эсептелинет.

2.2. Министрлик менен ЖМАнын (НМС) өткөрүүдө төмөнкү кызмат милдеттерин жүзөгө ашырат:

- Сынактарды өткөрүү, сынак материалдарын (негизги жалпы жана жадпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулар үчүн тесттерди, темаларды, тапшырмаларды, билеттерди колдонуу менен жазуу жана оозеки сынактарды, ошондой эле текшерүү өлчөө материалдарын камтыган стандарттапкан тапшырмалар комлексин колдонуу менен стандарттапкан тестирлөө түрүндө өткөргөн учурларда) пайдалануу жана сактоо, анын ичинде сынак материалдарында камтылган маалыматтарды жайгаштыруу тартибин жана шарттарын аныктайт

-ЖМАны (НМС) өткөрүү үчүн өлчөө-ченөө материалдарын, тексттер, темалар, тапшырмалар, билеттер боюнча аткарылган сынак иштерин, баалоо критейрилерин (мындан ары текстте - сынак материалдарын) иштеп чыгууну жана бул материалдар менен билим берүү комплексин камсыз кылууну уюштурат.

2.3. Министрлик тарабынан жөнөтүлгөн тексттерди, темаларды, тапшырмаларды жана билеттерди пайдалануу менен аткарылган жазуу жана оозеки түрүн, ЖМАны (НМС) өткөрүүнү «Маариф» билим берүү комплекси көзөмөлдөйт.

2.4. Билим берүү комплекси төмөнкү иш-милдеттерин аткарат:

- тиешелүү окуу сабактары боюнча предметтик комиссиялардын (ПК) курамын түзөт жана анын ишмердүүлүгүн жөнгө салат. ПКнын курамына төмөнкү талаптарга жооп берген педагогдор камтылат: жогорку педагогикалык билими, кесиптик стандартта көрсөтүлгөн квалификациялык талаптарга шайкеш келиши, билим берүү иштердүүлүгүн жүргүзгөн жана мектепте иш тажрыйбасынын (бир жылдан кем эмес) болушу;

- негизги жалпы орто жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн IX жана XI класстарынын окууларынын тизмесин карайт жана бекитүүгө сунуштайт;

- ден-соолук абалына байланыштуу ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотулган окуучулардын тиешелүү документтерин карап чыгат;

- окуучуларга жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) ЖМАны (НМС) өткөрүү мөөнөттөрү тууралуу анын башталышына эки жума калган убакытка чейин өз убагында кабарлоону уюштурат.

- билим берүү комплексинде окуучулар жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) үчүн «ЖМАга (НМС) даярданабыз» аталышта сайтты жана маалымат тактасын жасалгоону камсыз кылат;

- аныкталган мөөнөттөргө тестирлөө өткөрүү үчүн жыйын даярдоону (санитардык-гигиеналык шарттарды, коомдук тартиптин сакталышын, мугалимдерден жана мөөнөтчүлөрдү) камсыз кылат;

- бүтүрүүчүлөрдү ЖМАнын (НМС) жыйынтыктары менен тааныштырууга жоопту болот.

2.5. ЖМА (НМС) предметтик комиссия тарабынан өткөрүлөт, анын курамы билим берүү комплексинин кеңешинин сунуштамасына ылайык аныкталат жана буйрук менен бекитилет. Тиешелүү окуу сабагы боюнча ПКнын төрагасы болуп мектеп-лицейинин академиялык маселелери боюнча директору, окуу иштери боюнча директордун орун басары же директордун көрсөтмөсү боюнча кафедра башчысы дайындалат. Тиешелүү окуу сабагы боюнча ПКнын төрагасы жалпы жетекчилик жүргүзөт жана ишмердүүлүк жөнгө салынат. ЖМА (НМС) өткөрүлүп жаткан сабак боюнча IX жана (же) XI класста сабак окуткан мугалим ПКнын төрагасы болуп шайланбайт. ПКнын курамы үчтөн кем эмес жана бештен көп эмес адамдан турат, анын ичинде комиссиянын төрагасы, сынак алуучу (ошол предметтен сабак берген мугалим жана ассистенттер болот).

2.6. ЖМАны (НМС) өткөрүү убагында ПК билим берүү комплекси тиешелүү окуу сабагы боюнча өз ишин жүргүзөт:

- орнотулган тартипте окуучулардын жазуу түрүндөгү сынак иштерин текшерет жана оозеки түрүндөгү сынактарды өткөрөт;

- сынактардын жыйынтыктары боюнча протоколдорду жол-жоболоштурат;

- окуучуларды ЖМАны (НМС) жыйынтыктары менен бул жобого ылайык тааныштырууну камсыз кылат.

2.7. Билим берүү комплекси ЖМАга (НМС) көмөк көрсөтүү максатында окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) кол тамгасын койдуруп алуу менен, аларга төмөнкөлөр тууралуу маалымат берет:

ЖМАнын (НМС) өткөрүү мөөнөттөрү жана тартиби жөнүндө;

- сынактан четтетүүнүн, ЖМАнын (НМС) жыйынтыктарды өзгөртүүнүн же жокко чыгаруунун себептери тууралуу;

- ЖМАнын (НМС) жыйынтыктары, ошондой эле окуучулардын ЖМАны (НМС) тапшыруу натыйжалары менен таанышуу убактысы жана орду тууралуу;

- ЖМАнын (НМС) өткөрүүнүн орнотулган тартибинин бузулушу жөнүндө жана (же) коюлган баалар менен макул эместиги тууралуу арыздарды апелляцияга берүү тартиби жөнүндө.

2.8. Коомдук байкоочулар түзүмү ЖМАны(НМС) өткөрүү тартибинин сакталышын камсыз кылуу максатында төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:

- сынак өткөрүлгөн күнү жанында паспорту жана коомдук байкоочунун күбөлүгү менен ЖМАнын (НМС) өткөрүү (анын ичинде сынак өтүп жаткан каанада) катышууга;

Коомдук байкоочуларга төмөнкүлөргө уруксат берилет:

-ЖМАнын (НМС) өткөрүү тартибинин эрежелерин жөнгө салган иш кагаздары менен таанышууга;

- Сынакты өткөрүү тартиби жөнүндө нускама берүүнүн жүрүшүнө жана ЖМАнын (НМС) өткөрүү тартибине сырттан көзөмөл жүргүзүүгө.

Коомдук байкоочуларга төмөнкүлөргө тыюу салынат:

-ЖМАнын (НМС) даярдоонун же өткөрүүнүн кийлигишүүсүнө;

-Сынак башталгандан кийин каанага кирүүгө же чыгууга;

-Сынак учурунда ЖМАнын (НМС) катышуучулары менен баарлашууга;

-Кааналарда уюлдук телефондор, сүрөт жана көрмө аппараттар, компьютерлер менен колдонууга;

-ПКнын ишине кийлигишүүгө

2.9. Коомдук байкоочуларды аккредитациядан өткөрүү тартиби «Маариф» билим берүү комплекис тарабынан жүргүзүлөт, орнотулган тартипте арыз жазуу жана төмөнкү документтерди тапшыруу керек: 3Х4см өлчөмүндөгү эки сүрөт, сөзсүз түрдө жетекчилик менен аңгемелешүүдөн өтүү менен арыз берүүнүн оң сапаттарын мүнөздөгөн үч сунуштама (анын бири мамлекеттик органдардан алынышы зарыл). Окуучулардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында билим берүү мекемеси аккредитация күбөлүгүн берүүдөн баш тартууга жана бул тууралуу арыз берүүчүгө ЖМАны (НМС) башталышына 3 кун калган убакытка чейин кабарлоого укуктуу.

2.10. Министрликтин, билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдарынын жана жалпы билим берүү уюмдарынын кызматкерлери коомдук байкоочулар боло алышпайт.

**3. ЖМАнын (НМС) катышуучулары.**

3.1. Жобого ылайык ЖМАнын (НМС) катышуучулары болуп билим берүү комплексинин IX жана XI класстарынын окуучулары эсептелинет.

3.2. ЖМАнын (НМС) тапшыруу укугуна окуу сабактарынан академиялык карыздары жок жана окуу планын толук көлөмдө аткарган окуучулар (IX жана XI класстары үчүн бардык окуу сабактары боюнча жылдык баалары «канаттандырарлык» баадан төмөн эмес болгон), анын ичинде чет элдик жарандар, жарандыгы жок адамдар, качкындар жана бир жерден экинчи жерге көчүүгө мажбур болгондор, ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар, үй шартында өздөштүргөн, учурдагы окуу жылында ЖМАнын (НМС) тапшырууга укук берилгендер ээ боло алышат.

Учурдагы окуу жылындагы мектеп окуучуларынын республикалык же эл аралык олимпиадаларынын корутунду баскычында байгелүү орундарга ээ болгон окуучулар (жеңүүчүлөр) министрлик тарабынан тартипке тиешелүү окуу сабагы боюнча ЖМАнын (НМС) тапшыруудан бошотулат.

Орнотулган окуу планынын ЖМАнын (НМС) өткөрүү каралбаган бир окуу сабагы боюнча жылдык «канааттандырарлык эмес» баага ээ болгон IX жана XI класстынын окуучулары билим берүү комплексинин кеңешинин сунуштамасына жана билим берүү комплексинин буйругуна ылайык ошол предмет боюнча сөзсүз түрдө аттестациядан өтүшөт.

Эки же андан көп окуу сабагы боюнча жылдык " Канааттандыраарлык эмес" баага ээ болгон IX жана XI окуучулары билим берүү комплексинин кеңешинин сунуштамасына жана буйрукка ылайык ЖМАны (НМС) тапшыруу укугуна ээ болбойт.

3.3. Негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын үй шартында же өз алдынча окуу түрүндө өздөштүргөн окуучуларга бул Жобонун талаптарына ылайык мамлекеттик аттестациядан өткөн негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүү программалары боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн билим берүү комплексинде ЖМАны (НМС) тапшырууга укук берилет.

ЭСКЕРТҮҮ: Ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар даарылоо мекемесине караштуу дарыгердик кеңеш берүү комиссиясынын (ДКК) же ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн психологиялык-медициналык-педагогикалык

кеңеш берүүнүн (ПМПК) кортундусун көрсөтүп арыз берген учурда тиешелүү компетенцияга ээ билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органынын ар бир айрым учур үчүн уруксаты болгондо гана жүргүзүлөт.

**4. ЖМАны (НМС) өткөрүү мөөнөтү жана узактыгы.**

4.1. ЖМАны (НМС) өткөрүү мөөнөтү министрлик тарабынан бирдиктүү тартипте аныкталат. Милдеттүү окуу сабактары боюнча ЖМА (НМС) IX класстарынын окуучулары үчүн окуу жылынын 2-июнунан эрте эмес башталат жана 17-июндан кеч эмес мөөнөттө аякталат, XI класстарынын окуучулары үчүн окуу жылынын 2-июндан эрте эмес башталат жана 20-июндан кеч эмес мөөнөттө аяктайт.

Тандоосу боюнча сабактан ЖМА (НМС) эки баскычта өткөрүлөт:

- I баскыч – окуу жылынын 20-апрелинен эрте эмес мөөнөттө ( окуучулардын республикалык тестирлөөгө ыктыярдуу негизде катышуу шартында, СТ түрүндөгү ЖМАга катышкан учурда);
- II баскыч - окуу жылынын 2-июнундан эрте эмес башталат жана 20-июнунан кеч эмес мөөнөттө аякталат.

4.2. Бул Жободо каралган учурларда тиешелүү окуу сабагы боюнча ЖМАны (НМС) кайталап тапшырууга укук берилген окуучулар үчүн бул Жобо менен орнотулган түрдө ЖМАны (НМС) кошумча өткөрүү мөөнөттөрү (тексте мындан ары - кошумча мөөнөттөр) аныкталат.

4.3. Бул Жобонун 4.1. пунктуна ылайык аныкталган мөөнөттөрдө негиздүү себептер менен ЖМАны (НМС) тапшырууга мүмкүнчүлү келбеген окуучулар үчүн мөөнөтүнөн мурда , бирок окуу жылынын 15-апрелинен эрте эмес убакытта , бул Жобо менен орнотулган түрдө милдеттүү окуу сабактары жана тандоо сабактары боюнча ЖМА (НМС) өткөрүлөт. Мөөнөтүнөн мурда ЖМА (НМС) өкөргөн учурда мурунку окуу жылынын сынак тапшырмаларынын, темаларынын запастык варианттары колдонулат.

4.4. Аныкталган мөөнөттөрдө өткөрүлгөн ЖМА (НМС) сынактарынын ортосундагы тыныгуулар үч календардык күндөн кем болбошу керек.

4.5. Сынактардын өткөрүү убактысына даярдык иш-чараларына бөлүнгөн убакыт (окуучуларга көрсөтмө берүү, сынак тапшырмалары бар тест топтомдорун ачуу, сынак иштеринин каттоо бөлүмдөрүн толтуруу, техникалык каражаттардын иштөөсүн текшерүү, тыныгуулар ж.б.) кирбейт.

Сынак 4 саат же андан көп убакытка созулган учурда ПК менен макулдашуу боюнча окуучуларга 30 мүнөттүк тыныгуу берилет.

Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелен окуучулар, ошондой эле ден соолук абалына байланыштуу үйдө окутулган окуучулар, анын ичинде , билим берүү комплексинде окуган, узак убакыт дарылоого муктаж болгондор үчүн ЖМАнын (НМС) узактыгы 1,5 саатка узартылат.

4.6. Билим берүү комплексинде ЖМА (НМС) саат 8 :00 дө башталат.

**5. ЖМАны (НМС) тапшырууга укук берүү жана өткөрүү тартиби.**

5.1. ЖМА нын (НМС) милдеттүү сабактарынын күнү жана убактысы, ошондой эле окуу сабактарынын тизмеси министрлик тарабынан бул Жобого ылайык аныкталат.

5.2. IX класстарынын окуучулары үчүн ЖМА (НМС) өткөрүүдө төмөнкү 5 окуу сабагы боюнча, анын ичинде 4 милдеттүү, 1 тандоосу боюнча сабактардан, сынактардан сынактарды тапшыруу каралат:

- Математика (алгебра жана тандоонун башталышы);

- Кыргыз тили;
- Кыргызстандын тарыхы;
- Орус тили;
- Тандоосу боюнча сабак (окуучу төмөндөгү сабактардын ичинен тандап алат: кыргыз адабияты, геометрия, химия, физика, биология, география, чет тили, информатик, Адам жана коом.

5.3. XI класстарынын окуучулары үчүн ЖМА (НМС) өткөрүүдө төмөнкү 5 окуу абагы боюнча , анын ичинде 4 милдеттүү, 1 тандоосу боюнча сабактардан, сынактардан сынактарды тапшыруу каралат:

- математика (алгебра жана тандоонун башталышы);
- Кыргыз тили жана адабияты;
- Кыргызстандын тарыхы;
- Орус тили;
- тандоосу боюнча сабак (окуучу төмөндөгү сабактардын ичинен тандап алат: кыргыз адабияты, геометрия, химия, физика, биология, география, чет тил, информатика, Адам жана коом.

5.4. Билим берүү комплексинин окуучулары базалык көлөмдөгү сабактардан тышкары өтүлгөн темалар, бөлүмдөрдү эске алуу менен милдеттүү түрдө бир же эки профилдик сабактар боюнча оозеки түрүндө ЖМАдан (НМС) өтүшөт. Тандоосу боюнча сынак окуучунун тиешелүү окуу сабагын көрсөтүү менен өз алдынча жазган арызынын негизинде окуу жылынын аяктаганына эки жума калганда аныкталат.

5.5. Билим берүү комплексинин окуучулары базалык көлөмдөгү сабактардан тышкары өтүлгөн темалар, бөлүмдөрдү эске алуу менен профилдик сабактар боюнча билеттер жана тапшырмалар ошондой эле IX жана (же) XI класстарынын окуучулары үчүн тандоо сабактары боюнча ЖМАны (НМС) сынак тапшырмалары (чет тили боюнча окуу үчүн тексттер жана аңгемелешүү үчүн темалар, физика, химия, биология, география, ж.б. сабактар боюнча турмуштук көндүмдөрүн элементтерин камтыган мисалдар жана тапшырмалар) мектеп мугалимдери тарабынан даярдалат жана директор тарабынан бекитилет.

Милдеттүү түрдөгү оозеки сынактар, тандоо жана профилдик сабактар боюнча билеттер окуучуларга ЖМА (НМС) өткөрүү мөөнөтү кабарланат.

Тандоосу боюнча жана профилдик сабактардан ЖМА (НМС) тапшырмалары билим берүү комплексинин академиялык маселелер боюнча директорунда сакталат жан окуучуларга алдын ала берилбейт.

5.6. Кыргыз тили жана адабияты боюнча дил баяндын темалары "Кут билим" гезитинде жана министрликтин сайтында ЖМАнын (НМС) башталышына эки ай калган убакыттан кеч эмес мөөнөттө жарыяланат.

Дил баяндын элементтери камтылган баяндамалардын жана жат жазуулардын тексттери министрликтин мөөрү менен күбөлөндүрүлүп чапталган конверттерде ЖМАнын (НМС) башталышына бир жума калган мөөнөттө жөнөтүлөт.

Типтүү билеттер, сынак материалдары ЖМАнын (НМС) тапшырмалары билим берүү комплексинин академиялык маселелер боюнча директорунда сакталат жана окуучуларга алдын ала берилбейт.

Сынак материалдарын сынак башталганга чейин ачууга тексттерде, темаларда жана тапшырмаларда камтылган маалыматтын купуялыгын ачыктоого тыюу салынат.

5.7. Өзгөчө кырдаалдар коркунучу жаралган учурда министрлик менен макулдашылган түрдө ЖМАны (НМС) билим берүү комплексинде өткөрүүнүн ырааттамасында каралган башка күнгө которуу жөнүндө чечим кабыл алышат.

5.8. ЖМАны (НМС) өткөрүү үчүн даярдалган кааналардын саны, жалпы аянты жана абалы сынактарды санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин жана ченемдердин талаптарына шайкеш келген шарттарда өткөрүүнү камсыз кылыш керек. ЖМАны (НМС) өткөрүү үчүн колдонулбаган кааналар ЖМАны (НМС) өткөрүү убагында бекитилип жана ичине киргис кылып чапталып коюлат. ЖМАны (НМС) өткөрүү убагында кааналарда тиешелүү окуу сабактары боюнча жасалгаланган дубал такталары, плакаттар жана маалымдама, таанып-билүү маалыматтары камтылган башка материалдар жабылып коюлат.

Окуучулардын өздүк буюмдары үчүн атайын орун бөлүнөт.

Мамлекеттик жана расмий тилдер боюнча сынак өткөрүлгөн кааналар үн жазмаларын кайра уктуруу каражаттары менен, чет тилдер боюнча сынак өткөрүлгөн кааналар, лабораториялык иштерди аткаруу үчүн жабдуулар менен, информатика боюнча сынак өткөрүлгөн, ошондой эле бул Жободо аныкталган башка учурлар үчүн кааналар компьютердик техника менен жабдылат.

5.9. ЖМАны (НМС) өткөрүү күнү билим берүү комплексинен төмөнкү адамдар катышат:

- билим берүү комплексинин жетекчилери жана ПКны мүчөлөрү;
- программалык камсыздоо боюнча иштеген, маалыматтык-техникалык жардам көргөзгөн мугалим;
- укук тартибин коргоону камсыз кылуучу кызматкерлер;
- медициналык кызматкерлер жана сынактарды өткөрүү урунда окуучуларга керектүү техникалык жардам көргөзүүчү ассисенттер;
- окуучуларга лабораториялык иштерге көрсөтмө берүү жана иштин аткарышын камсыз кылуу боюнча адис.

ПКнын төрагасынын көрсөтмөсү боюнча окуучулар жазуу түрүндөгү сынактык ишинин баш барагын толтурушат, ПКнын мүчөлөрү окуучулар тарабынан туура толтурулушун текшеришет. Бардык окуучулар баш баракты туура толтургандан кийин ПКнын төрагасы сынактын башталышын жана аякталышын, ошондой тыныгуу убактысын жарыялайт, ал убактарды доскага (маалымат тактасына) жазат, андан сон окуучулар жазуу түрүндөгү сынактык ишин аткарууга киришишет. Бардык окуучуларга чиймелеп, оңдоого мүмкүн боло турган кошумча барактар берилет, иштерди балоодо керектүү учурларда ПК ал кошумча барактарды да текшерет.

5.10. Окуучулар ЖМАны(НМС) өткөрүүнүн орнотулган тартибин сактоого милдеттүү жана ПК мүчөлөрүнүн көрсөтмөлөрүнө баш ийишет, ПК өз кезегинде каанларда ЖМАны(НМС) өткөрүүнүн орнотулган тартиби саталышын камсыз кылат жана буга көзөмөл жүгүзөт.

ЖМАны (НМС) өткөрүү учурунда окуучунун иш ордунда сынак материалдарынан сырткары төмөнкүлөр болот:

- Көк түстөгү сыясы бар эки-үч калем сап;
- Жөнөкөй калькулятор (математикадан башка сабакта), жөнөкөй калем, өчүргүчтөр;
- Дары-дармек жана тамак-аш (зарыл учурларда);

• Атайын техникалык каражаттар (Жобонун 3.2 тарамында көрсөтүлгөн окуучулар үчүн).

Кааанадан сыртка чыккан учурда окуучулар сынак материалдарын жана кошумча иштөө барактарын иш ордунда калтырышат.

5.11. ЖМАны(НМС) өткөрүү учурунда билим берүү комплекси төмөнкүлөргө тыюу салат:

• окуучуларга бири-бири менен сүйлөшүүгө, каананын ичинде эркин басып жүрүүгө. Зарылдык жаралган учурда окуучуларга каанадан чыгууга били мберүү комплексинин короосунда ары-бери жүрүүгө уруксат берилет. Бул учурда окуучуга буйрук менен бекитилген нөөмөтчү адам көзөмөл жүргүзөт;

• окуучуларга: жанында байланыш каражаттарын, электрондук эсептөө техникасын (жөнөкөй калькулятордон башка), сүрөт, үн көрмө аспаптары, маалымат берүүчү материалдарды, жазма-эскерткич белгилерди, маалыматты сактоо жана берүүнү башка каражаттарын алып кирүүгө.

• уюштуруучуларга, окуучуларга керектүү техникалык жардам көрсөткөн ассисенттерге , техникалык адистерге өзү менен кошо байланыш каражаттарын алып кирүүгө;

• окуучуларга көмөк көрсөтүүгө, анын ичинде аларга байланыш каражаттарын, электрондук эсептөө техникасын, сүрөт, үн көрмө аспаптарын, маалымат берүүчү материалдарды, жазма-эскерткич белгилерди , маалыматты сактоо жана берүүнүн башка каражаттарын алып келип берүүгө;

• окуучуларга, уюштуруучуларга керектүү техникалык жардам көргөзгөн ассисенттерге, техникалык адистерге сынак материалдарын кагазга жазылган түрдө, электрондук ташыгычтар менен каанадан сыртка алып чыгууга, сынак материалдарын сүрөткө тартып алууга.

5.12. ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн орнотулган тартибин бузууга жол берген окуучулар сынакты тапшыруудан четтетилет. Бул үчүн ПК мүчөлөрү сынакты тапшыруудан четтетүү жөнүндө акт түзөт жана ЖМАны(НМС) өткөрүүнүн орнотулган тартибин бузган окуучуларды сынактан чыгарып жиберет.

5.13. Эгерде окуучу ден-соолук абалына байланыштуу же башка негиздүү себептер менен сынак тапшырмаларын аткарып бүтпөй калса, ал каанадан мөөнөтүнөн мурда чыгып кетүүгө укуктуу. Мындай учурларда ПК мүчөлөрү медицина кызматкерлерин чакырышат, ал негиздүү себептер менен сынакты мөөнөтүнөн мурда аяктоо жөнүндө акт түзөт.

Сынактан четтетүү жана негиздүү себептер менен сынакты мөөнөтүнөн мурда аяктоо жөнүндө актылар билим берүү комплексинде сакталат.

Жазуу түрүндөгү сынактык иштерин мөөнөтүнөн мурда аткарып бүткөн окуучулар сынактын аякташын күтпөстөн иштерин уюштуруучуларга тапшырат жана каанадан чыгып кетүүгө укуктуу.

5.14. IX жана XI класстарынын окуучулары үчүн ЖМАны(НМС) оозеки өткөрүү учурунда курамы 20 адамдан ашык топ эки тайпага бөлүнөт. Ар бир тайпага билеттердин толук топтому жана аларга тиркемелер берилет, бул учурда окуучунун алган баасы бир упайга төмөндөтүлөт.

Оозеки сынактарда жооп берүү үчүн даярдануу үчүн окуучуга 15-20 мүнөт берилет.

5.15. Билим берүү комплекси сынак материалдарын ЖМАнын(НМС) башталышына 5 күн калгандан кеч эмес мөөнөттө, өзгөчө учурларда 1 күн калганда алышы керек.

5.16. Кыргыз тили боюнча жазуу түрүндөгү сынактык иштеринин (дил баяндын элементтери камтылган баяндамалардын жана кат жазууларын) темалары, варианттары, математика (алгебра жана талдоонун башталышы) боюнча сынактык иштеринин варианттары IX жана (же) XI класстарында ЖМАнын(НМС) тикелей башталышынын алдында лотерея түрүндө ойнотуу же башка ушундай сыяктуу жолдору менен аныкталат.

5.17. Дилбаяндын темалары, дилбаяндын элементтери камтылган баяндамалардын тексттери, математика боюнча номерлердин жана тапшырмалардан шарттарынын топтому ПК мүчөлөрүн катышуусу менен сынак башталарга 30 мүнөт калганда окуп берилет. Дилбаяндын темалары, баяндамалардын жана жат жазуулардын жана варианттардын номерлери, математика боюнча (алгебра жана талдоонун башталышы) жазуу иштери үчүн тапшырмалардын тексттери проекциялык экранда же электрондук мониторгдо чагылдырылат, же болбосо класстык доскага жазылат, же ар бир окуучу үчүн бастырылып чыгарылат.

5.18. Кыргыз тили боюнча жазуу түрүндөгү сынактык иштерине адабий теманы тандаган. IX жана (же) XI класстарынын окуучулары ЖМАны(НМС) башталган 1 саат убакыт өткөндөн кийин көркөм чыгармалардын тексттери бар, теориялык колдонуу мүмкүнчүлүгү берилет.

5.19. IX класста дилбяндын элементтери камтылган баяндамаларга жана математикага (алгебра жана талдоонун башталышы ) 4 астрономиялык саат бөлүнөт.

5.20. Өткөрүү мөөнөттөрү министрлик тарабынан аныкталбаган (кайталап өткөрүлгөн, окуучунун ооруп калгандыгына байланыштуу которулган жана башка) ЖМАны(НМС) өткөрүү күнү билим берүү комплекси тарабын аныкталат.

5.21. IX жана (же) XI класстардын окуучулары - окуу – машыктыруу жыйындарынын талапкерлигине, мектеп окуучуларынын эл аралык олимпиадаларынын, республикалык жана эл аралык иш-чаралардан (спорттук мелдештер, сынактар, фестивалдар , кароо жана башкалар) курама командаларына, ошондой эле жашаган жерин өзгөртүүгө байланыштуу Республикадан сырткары чыгып кеткен окуучуларга окуу жылынын 15-апрелинен эрте эмес убакытта ЖМАны(НМС) мөөнөтүнөн мурда өткөрүүгө уруксат берилет.

ЖМАны(НМС) мөөнөтүнөн мурда өткөрүү жана IX жана (же) XI класстарына ЖМАнын(НМС) тапшырууга укук берүү чечими ата-эненин өтүнүч катынын негизинде ЖМАны(НМС) мөөнөтүнөн мурда өткөрүү зарылдыгын тастыктаган төмөнкү документтер: окуучунун арызы, тиешелүү компетенциясы бар мамлекеттик органдын буйругунун (маалымкат), авиабилеттердин; X-XI класстары үчүн ведомосттордун күбөлөндүргөн көчүрмөлөрү, паспорту, негизги жалпы билими тууралуу күбөлүгү, класс жетекчисинин сунуштамасы жана билим берүү комплексинин буйругу болгон учурда кабыл алынат.

5.22 Кайталап өткөрүлгөн ЖМА (НМС) "Запастык вариант" грифи менен даярдалган сынак материалдары боюнча башка ПК тарабынан жүргүзүлөт.

5.23. Тиешелүү окуу сабагы боюнча үстүбүздөгү окуу жылында кайталап өткөрүлгөн ЖМАнын (НМС) тапшырууга жалпы билим берүү уюмунун сунуштамасына жана буйругуна ылайык IX жана (же) XI класстардын төмөнкү окуучуларына укук берилет:

ЖМАдан (НМС) бирден көп эмес сабактан "канааттандырарлык эмес" баа алгандар;

- СТ түрүндөгү ЖМАдан жана (же) "Алтын тамга" тестирлөөсүнөн "жакшы", "канааттандырарлык" жана "канааттандырарлык эмес" баа алгандар, аларга бааларын жакшыртуу укугу берилет;

Окуучунун жеке арызынын, билим берүү комплексинин кеңешинин сунуштамасынын жана билим берүү комплексинин буйругунун негизинде төмөнкү учурларда ЖМАны (НМС) кайталап тапшырууга укук берилет:

- Сынакка негиздүү себептер менен келбегендерге (ооруп калгандыгына же тиешелүү документтер менен тастыкталган башка себептерге байланыштуу);

ЖМАны (НМС) өтүү учурунда сынактык ишин негиздүү себептер менен аткарып бүтпөй калгандарга (ооруп калгандыгына же тиешелүү документтер менен тастыкталган башка себептерге байланыштуу);

ЖМАны (НМС) өткөрүүдө орнотулган тартиптин бузулуш фактылары аныкталган учурда ЖМАны (НМС) өткөрүүдө орнотулган тартиптин бузулушу тууралуу берген апелляциясы ТК тарабынан канааттандырылып жана алган жыйынтыктары жокко чыгарылган окуучуларга.

5.24. ЖМАдан (НМС) өтпөпөй калган же ЖМАда (НМС) милдеттүү бирден көп сабактан (тандоо сабагы) "канааттандырарлык эмес" жыйынтык алган, ЖМАны (НМС) кайталап тапшырууда бул сабактардын ичинен бир сабактан канааттандырарлык эмес баа алган IX жана (же) XI класстарынын окуучуларына бул Жободо аныкталган түрдө жана нөөмөттөрдө, бирок 1 жыл өткөндөн эрте эмес кошумча аныкталган нөөмөттө тиешелүү окуу сабагы боюнча ЖМАны (НМС) тапшырууга укук берилет.

**6. Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн ЖМА (НМС) өткөрүү тартиби.**

6.1. Ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн, ошондой эле ден соолук абалына байланыштуу үйдө жана билим берүү комплексинде окугандар узак убакыт дарылоого муктаж болгондор үчүн алардын жекече өзгөчөлүгүнүн эске алуу менен жабдылат.

ЖМАны (НМС) өткөрүүнүн материалдык-техникалык шарттары бул окуучулардын кааналарга, даараткана жана башка жайларга кирүү жана бул жайларда болуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат (пандусттардын, туткалардын болушу, каалгалардын, лифттер жок болгон учурда каана 1-кабатта болушу зарыл; атайын креслолордун жана башка ылайыкталган жасалгалардын болушу).

ЖМАны (НМС) өткөрүүдө жогоруда көрсөтүлгөн окуучулардын жекече өзгөчүлүгүн эске алуу менен аларга керектүү техникалык жардам көргөзүп, иш ордун ээлөөгө, ары-бери жүрүүгө, тапшырманы окууга жардам бере турган ассистенттер катыат.

Жогоруда көрсөтүлгөн окуучулар алардын жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен ЖМАны (НМС) өткөрүү учурунда өзүнө керектүү техникалык каражаттар менен пайдаланышат.

6.2.Ден соолук абалы боюнча негизги жана даярдоочу медициналык топторго кирген IX жана (же) XI класстарынын окуучулары дене тарбия окуу сабагы боюнча чегерим тапшырышат, анын жыйынтыктары бул сабак боюнча жыйынтыктоочу бааларды чыгарууда эске алынат. Дене тарбия сабагы боюнча чегеримдер сабактан тышкаркы убакта окуу жылынын 14-майдан 25-майга чейин өткөрүлөт.

Чегерим көнүгүүлөрү боюнча "канааттандырарлык эмес" баа алган IX жана (же) XI класстарынын окуучулары чегеримден өткөн жок деп эсептелинет. Дене тарбия сабагы боюнча кайтадан чегерим тапшыруу укугу директордун уруксаты менен ЖМАны (НМС) өткөрүүдөн мурун же андан кийинки күндөрдө, бирок билими тууралуу документти тапшырган убакытка чейин берилет.

Ден соолук абалы боюнча атайын медициналык топторго киргизилген IX жана (же) XI класстарынын окуучулары дене тарбия окуу сабагы боюнча чегерим тапшырбайт, алардын дене бой даярдыгы окуу жылынын ичиндеги жетишкендиктеринин негизинде "чегерим ", "чегерим эмес" түрүндө бааланат.

6.3. IX жана (же) XI класстарынын окуучулары бардык окуу сабактары боюнча жылдык баалары дурус болгон учурда ден соолук абалына байланыштуу ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотулат.

ЭСКЕРТҮҮ: Окуучуну ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотуу ата-энесинин (мыйзмадуу өкүлдөрүнүн) арызынын негизинде, дарылоо мекемесине караштуу дарыгерлик кеңеш берүү комиссиянын (ДКК) же ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн психологиялык-медициналык-педагогикалык кеңеш берүүнүн (ПМПК) кортундусу көргөзүлгөндө жана ар бир айрым учурда тиешелүү компетенцияга ээ билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органынын уруксаты болгондо гана жүргүзүлөт.

6.4. ЖМАны (НМС) өткөрүү убагында ооруп калган негиздүү себептер менен келбеген IX жана (же) XI класстарынын окуучуларына билим берүү комплексинин кеңешинин сунуштамасы жана буйругу менен ЖМАны (НМС) өткөрүлгөндөн кийин 5 күн ичинде же күз мезгилинде (5-сентябрга чейин) калтырган сабактарын тапшыруу укугу берилет.

Жазуу түрүндөгү сынактар билим берүү комплекси тарабынан аныкталган тартипте берилген "Запастык вариант" грифи менен даярдалган материалдар боюнча жүргүзүлөт.

6.5. Ооруп калгандыгына байланыштуу 45 же андан ашык күн калтырган IX жана (же) XI класстарынын окуучуларына анын каалоосун (ден соолук абалын) эске алуу менен жалпы билим берүү комплексинин кеңешинин сунуштамасы жана буйругунун негизинде кийинки окуу жылында кайталап окуу чечими чыгарылат.

6.6. Негиздүү себеби жок 45 же андан ашык күн калтырган IX жана (же) XI класстарынын окуучуларына жалпы билим берүү комплексинин кеңешинин сунуштамасы жана буйругунун негизинде кийинки окуу жылында кайталап окуу чечими чыгарылат.

**7. Сынак иштерин текшерүү тартиби жана аларды баалоо.**

7.1 Сынак иштерин текшерүү тартиби жана аларды баалоо сынак кабыл алынган күнүдү эске албаганда эки жумуш күнүнөн ашпаган убакытта жүргүзүлөт.

7.2. ЖМАнын (НМС) жыйынтыктары 5 упайлык система менен бааланат.

7.3. IX жана (же) XI класстардын окуучуларынын жазуу түрүндөгү сынактык иштерин текшерүү жана оозеки сынактарды кабыл алуу ПК тарабынан жүргүзүлөт. ПК иштерди текшерип бүтпөй калган учурларда сынак иштери бул үчүн атайын бөлүнгөн жерде (сейфте), мектеп директорунун мөөрү басылып жана ПК мүчөлөрүнүн кол тамгалары коюлуп сакталат.

Жазуу түрүндөгү сынак иштерин текшерүүдө окуучу тарабынан келтирилген каталардын асты сызылып жана барактын четине белгиленип коюлат.

Кыргыз тили боюнча жазуу түрүндөгү сынактык иштерди текшерүүдө орфографиялык, пунктуациялык, грамматикалык жана мазмуну боюнча келтирилген каталардын саны өзүнчө бөлүнүп көрсөтүлөт.

IX жана (же) XI класстардын окуучуларынын дилбаяны жана дилбаяндын элементтери камтылган баяндамасы эки баа менен бааланат: биринчи баа - мазмунуна, экинчи баа сапаттуулугуна коюлат. Сынак протоколун, жыйынтык ведомостун жана баалардын табелин толтурууда IX класстардын окуучуларына сызыкча аркылуу эки баа эне тилине коюлат, IX класстардын окуучуларына биринчи баа адабиятка, экинчи баа – эне тилине коюлат.

ЖМАнын (НМС) "канааттандырарлык эмес" жана "эң жакшы" деген баалар коюлган жазуу түрүндөгү сынактык иштерине сын пикир жазылат.

7.4. ПКнын ар бир окуу сабагы боюнча ЖМАнын (НМС) жыйынтыктарын карайт жана Жободо каралган учурларда аларды бекитүү, өзгөрүү жана (же) жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат.

IX жана (же) XI класстардын окуучуларынын жазуу түрүндөгү сынактык иштерин жана (же) оозеки жообун баалоодо ПК мүчөлөрүнүн ортосунда пикир келишпестиктер чыккан учурда, маселе көпчүлүк добуш менен чечилет жана протоколдо көпчүлүктүн чечими менен макул болбогон ПК мүчөсүнүн өзгөчө пикири жазылып коюлат.

Жыйынтык бааларды чыгарууда жана бекитүүдө ПК окуучулардын жарым жылдык жана жылдык бааларын, ошондой эле ЖМАдан (НМС) алынган жыйынтыктарды карайт.

Талаш учурларда жана ПК мүчөлөрүнүн ортосунда пикир келишпестиктер чыккан учурларда окуучулардын жыйынтык баалары катары ЖМАдан (НМС) алынган баалар коюлат.

IX жана (же) XI класстардын окуучуларыны ЖМАдан (НМС) "канааттандырарлык эмес" баа алса, оң жыйынтык баа чыгарылбайт.

ПКнын чечими боюнча протокол түзүлүп, ПК мүчөлөрүн колтамгасы коюлат.

7.5. окуучулардын жыйынтык баалары класстык журналга (негизги жалпы билими тууралуу күбөлүктөрдү жана (же) орто жалпы билими тууралуу аттестат берүү китебине, өзүк көктөмүнө, ЖМАдан (НМС) жалпы жыйынтык барагына) жазылат.

7.6. IX жана (же) XI класстардын окуучуларына өзүнүн жазуу түрүндөгү сынактык ишин, текшерүүнүн жыйынтыктары менен тааныштыруу ПКнын төрагасына жүктөлөт.

Жазуу түрүндөгү сынактык ишинде коюлган баа менен макул эмес учурда окуучу бир күндүк мөөнөт ичинде ПКга кайрылууга укуктуу.

7.7. ПК өзүнүн отурумунда ар бир окуу сабагы боюнча ЖМАдан (НМС) жыйынтыктарын карайт жана Жободо каралган учурларда аларды бекитүү, өзгөрүү жана (же) жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат.

**8. Апелляцияларды кабыл алуу жана карап чыгуу**

8.1 Жазуу түрүндөгү сынактык ишине коюлган баа менен макул эмес учурда, окуучу жана анын ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) жыйынтыктар жарыялангандан убакыттан баштап бир күндүн ичинде ТКга кайрылууга укуктуу.

8.2 ТК окуучулардын ЖМАдан (НМС) орнотулган өткөрүү тартибинин бузулушу маселелери, ошондой эле коюлган баалар менен макул эместиги жөнүндөгү арыздарын кабыл алат жана карайт; окуучунун апелляциясын канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алат; кабыл алган чечим тууралуу арыз берген окуучуларга жана анын ата-энесине ошондой эле ПКга маалымат берет.

ТКнын иштөө тартиби, курамы жана ыйгарым укуктары үчүн билим берүү комплекси тарабынан ЖМАнын (НМС) башталышына эки жума калган убакытта аныкталат жана сайтка жайгаштырылат.

ТКнын курамына билим берүү комплексинин жетекчилигинен, жана ата-энелер коомчулугунун мүчөлөрү тартылат. ПКнын мүчөлөрү ТКнын курамына кирбейт.

8.3. ТК чечимдери протоколдор аркылуу толтурулат.

8.4. ТК сынактык материалдардын мазмуну жана түзүмү тууралуу апелляцияларды карабайт.

8.5. Апелляцияны кароо учурунда анда бяндалган фактыларды текшерүү тиешелүү сынактарды уюштурууда жана (же) өткөрүүдө катышкан, же болбосо апелляция берген окуучунун сынактык ишин мурун текшерген адамдар тарабынан жүргүзүлбөйт.

8.6. Өз кызмат милдеттерин аткаруу максатында ТК ыйгарым укуктуу адамдардан жана уюмдардан керектүү документтерге жана маалыматтарга, анын ичинде сынак иштеринин жана ПКнын текшерүү протоколдорунун көчүрмөлөрүнө, ЖМАны (НМС) өткөрүү тартибинин сакталышы тууралуу маалыматтарга суроо талап жиберет.

8.7. Апелляцияны кароо учурунда ТКнын отурумунда каалоосу боюнча окуучулар жана (же) алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), ПК мүчөлөрү, ошондой эле коомдук байкоочулар катыша алат. Апелляцияны кароо, адеп-ахлак ченемдерин сактоо менен, тынч жана ак дилдүү кырдаалда өткөрүлөт.

8.8.Окуучу ЖМАнын (НМС) орнотулган өткөрүү тартибинин бузулушу жөнүндөгү арызын тиешелүү окуу сабагы боюнча сынак өткөрүлгөн күнү, мектептен чыкпай туруп берет.

8.9. ЖМАнын (НМС) орнотулган өткөрүү тартибинин бузулушу тууралуу апелляцияда баяндалган маалыматтарды текшерүү максатында ПКнын төрагасынын, окуучу сынак тапшырган учурда ал каанада катышпаган программалык камсыздоо боюнча техникалык адистердин, окуучуларга лабораториялык иштерди аткаруу боюнча көрсөтмө берүүчү жана аткарылышын камсыз кылуучу адистердин, коомдук байкоочулардын, укук тартибин коргоону камсыз кылуучу кызматкерлерлердин, ошондой эле ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга керектүү техникалык жардам көрсөтүүчү ассисенттердин катышуусунда текшерүү жүргүзүлөт.

Апелляция жана текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча кортунду ошол эле күнү ТКга тапшырылат.

ЖМАнын (НМС) орнотулган өткөрүү тартибинин бузулушу тууралуу апелляцияны кароо учурунда ТК апелляция менен бирге текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча кортундуну карайт жана төмөнкү эки чечимдин бирин кабыл алат:

- Апелляцияны четке кагуу;
- Апелляцияны канааттандыруу.

8.10. Апелляцияны канааттандырылган учурда сынактын жыйынтыктары жокко чыгарылат жана окуучуга ЖМАнын (НМС) кошумча жүгүртмөдө каралган башка күнү тиешелүү окуу сабагы боюнча сынак тапшыруу мүмкүнчүлүгү берилет.

8.11. ЖМАнын (НМС) өткөрүү учурунда окуучу тарабынан орнотулган тартиптин бузулушу тууралуу фактылар аныкталган учурда, үчүн билим берүү комплекси окуучунун ЖМАда (НМС) тиешелүү окуу сабагы боюнча алган жыйынтыктарын жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат.

8.12. Жазуу түрүндөгү сынактык ишине коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляция тиешелүү окуу сабагы боюнча ЖМАнын (НМС) жыйынтыктары жарыяланган убакыттан баштап бир күндүк мөөнөт ичинде берилет.

Коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляцияны билим берүү комплексинин директору милдеттүү түрдө ТКга жиберет.

8.13. Коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляцияны кароо учурунда ТК үчүн ПКнын сынактык ишин текшерүү протоколдорунун жана апелляция берген окуучу аткарган сынактык иштеринин көчүрмөлөрүнө суроо талап жиберет.

Бул материалдар окуучуга (апелляцияны кароо учурунда катышкан кезде) көрсөтүлөт.

Окуучу (14 жаш куракка чыга элек окуучулар үчүн) ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) катышуусу астында өзү тарабынан аткарылган сынактык ишинин көчүрмөсү көрсөтүлгөндүгүнүн (апелляцияны кароо учурунда катышкан кезде) жазуу түрүндө тастыктайт.

8.4. Окуучулардын сынакты иштерин баалоо боюнча талаш маселелер жаралган учурда ТК апелляцияны кароо ишине бул сынактык ишти мурун текшербеген, тешелүү окуу сабагы боюнча калыс баалоочуларды тартат.

Сынактык ишти текшерүүдө келирилген каталар жана (же) эреже бузуулар аныкталган учурда, ТК тиешелүү маалыматты эки күн ичинде чечим кабыл алуу үчүн Ош шаардык билим берүү башкармалыгына жөнөтөт.

8.15. ТК тарабынан ЖМАнын (НМС) өткөрүү учурунда орнотулган тартиптин бузулушу тууралуу окуучунун апелляциясы канааттандырылган учурда, ПК окуучунун ЖМАда (НМС) тиешелүү окуу сабагы боюнча алган жыйынтыгын жокко чыгаруу, ошондой эле кошумча нөөметтөрдө ЖМАны (НМС) тапшырууга укук берүү тууралуу чечим кабыл алаь.

8.16. Окуучунун коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляциясы ТК тарабынан канааттандырылган учурда, ПК окуучунун ЖМАда (НМС) алган жыйынтыгын ТКнын протоколдоруна ылайык өзгөртүү тууралуу чечим кабыл алат.

8.17. ЖМАны (НМС) өткөрүү учурунда орнотулган тартиптин бузулушу тууралуу апелляцияны ТК эки жумуш күнүнүн ичинде, ал эми коюлган баа менен макул же макул эместиги тууралуу апелляцияны анын ТКга келип түшкөн күнүнөн баштап төрт жумуш күнүнүн ичинде карайт.

8.18. Эгерде тартип бузуулар башка (өздүгү такталбаган) адамдар тарабынан жүрүзүлсө, анда ПК окуучулардын ЖМАда (НМС) тиешелүү окуу сабагы боюнча алган жыйынтыгын жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алат.

**9. Окуучулардын бүтүрүп чыгаруу тартиби.**

Билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документти толтуруу жана тапшыруу

9.1. Билим берүү комплексинин кеңешинин сунуштамасы жана буйругу менен негизги жалпы билим берүү программаларынын толук өздөштүргөн жана ЖМАдан (НМС), (СТ түрүндөгү ЖМАдан же "Алтын тамга " тестирлөөсүнөн) ийгиликтүү өткөн IX жана (же) XI класстарынын бүтүрүүчүлөрүнө билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет (IX классты аяктаган бүтүрүүчүлөргө негизги жалпы билими тууралуу күбөлүгү; XI класстарынын бүтүрүүчүлөрнө – жалпы орто билими тууралуу аттестат ).

9.2. Билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документ (тексте мындан ары-аттестат жана (же) күбөлүк) так эсеп берилүүчү документтер, Кыргыз Республикасынын жекелештирген документтери болуп саналат.

Билим берүү комплекси окуучулардын билим берүү программаларын өздөшүрүү жыйынтыктарынын, ошондой эле бул натыйжалар тууралуу маалыматтардын кагазга түшүрүлгөн жана (же) электрондук түрдө Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагында ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталган тартипке жекече эсебин жүргүзөт.

Билими тууралу документтерин бүтүрүүчүлөр билим берүү комплексинен алышат. Мындай бүтүрүүчүлөрдүн билими тууралуу документтерин толтурууда алардын мектеп-гимназиясынан алган жылдык баалары эске алынат.

9.3. ЖМАны (НМС) бир окуу сабагы боюнча тапшыра албай калган IX жана (же) IX класстарынын окуучуларына тиешелүү сынактык сабак боюнча баалары жарыялангандан кийин жеке арызы менен кайрылган учурда аларга ЖМАны кайталап тапшыруу укугу берилет.

9.4. Негизги жалпы же жалпы орто билим берүүнү аяктабаган эки же андан көп окуу сабагы боюнча жалпы билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн же болбосо ЖМАдан өтпөй калган IX жана (же) XI класстарынын окуучуларына билим берүү комплекси тарабынан орнотулган үлгүдөгү маалым кат берилет.

Маалымат катта орнотулган окуу мерчеминде IX жана (же) XI класстарда окулган бардык окуу сабактары боюнча алган баалары жана ЖМАдан (НМС) алган баалары, анын ичинде "канааттандыраарлык эмес" баалары да көрсөтүлөт.

9.5. ЖМАны (НМС) тапшыруудан бул жобого ылайык бошотулган IX жана (же) XI класстарынын окуучуларына билими тууралуу документ жылдык бааларынын негизинде берилет.

9.6. Негизги жалпы билими тууралуу күбөлүккө жана жалпы орто билими тууралуу аттестатка орнотулган окуу мерчеминде IX жана (же) XI класстарда окулган бардык окуу сабактары боюнча алган жылдык жана (же) жыйынтык баалары жана ЖМАдан (НМС) алган баалары коюлат.

9.7. Билими тууралуу документте ар бир сабак боюнча баалар сан түрүндө коюлат жана кашаа ичинде сөз менен жазылат: 5 ("эң жакшы"), 4 ("жакшы"), 3("канааттандыраарлык").

"Канааттыраарлык эмес" баалары же "окуду" жазуусу болгон окуучуларга билими тууралуу документ берилбейт.

9.8. Дене тарбия сабагынан ден соолук акыбалына байланыштуу бошотулган IX класстардын окуучуларына билими тууралуу документте "бошотулду" жазуусу жазылат.

9.9. Билими тууралуу документте жалпы билим берүү уюмунун дареги анын герби түшүрүлгөн мөөрүнө, номерине жана жайгашкан жерине дал келүүчү юридикалык аталышы менен так шайкештикте көрсөтүлөт.

Билими тууралуу документ эки тилде: кыргыз жана орус тилдеринде жазылат.

Билими тууралуу документ кара түстөгү сыя же арип терүүчү түзүлүштөрдүн жардамы менен толтурулат, директор, директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, класс жетекчиси жана бүтүрүүчү класстардын мугалимдери (3төн кем эмес мугалим) кол тамгасын коюшат.

Билими тууралуу документ билим берүү комплекси герб түшүрүлгөн мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Мөөрдүн тамгалары так, даана, жеңил окулгандай болушу зарыл. Билими тууралуу документти өчүрүүгө, оңдоого, сөздөрдү кошумча жазууга , чийүүгө жана тилкелерди толтурбай коюуга жол берилбейт.

Бүтүрүүчүлөрдүн аты-жөнү, атасынын аты, туулган жылы, айы жана күнү толук түрдө жана паспортундагы жазуулар менен так шайкештикте жазылат, ал эми паспорту жок бүтүрүүчү болсо, туулгандыгы тууралуу күбөлүктөгү же өздүгүн тастыктаган күбөлүктөгү жазуулардын негизинде толтурулат.

*Эскертүү: Орто жалпы билими тууралуу аттестатка берилген тиркеме (Жыйынтык баалардын табели) номери жана сериясы жокко чыгарылат. Жетишилген жыйынтык баалардын табелин толтурууда "Жыйынтык баалардын табели" сөздөрүнөн кийин орто жалпы билими тууралуу аттестаттын номерин жана сериясын жазып коюу керек.*

ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотулган бүтүрүүчүлөрдүн аттестатынан тиркемесинде жылдык баалары коюлат. Аттестатка тиркемеде "окуучу сынак тапшырган сабактардын аталышы" тилкесинде тиешелүү жазуулар, мисалы: "ден соолук абалына байланыштуу сынактарды тапшыруудан бошотулду" же "(сабактын аталышы) боюнча эл аралык олимпиаданын катышуучусу (республикалык командага талапкер) катары сынактарды тапшыруудан бошотулду" деп жазылат.

Билим берүү комплексинде окуган убакытта окуучу окуучуларынын Республикалык (эл аралык) олимпиадасында катышпаса, аттестатка тиркемени тиешелүү тилкесинде "катышкан эмес" жазуусу жазылат.

9.10. Билим берүү комплексинин кеңешинин сунуштамасынын жана буйругунун негизинде "Алтын тамга" тестирлөөсүн тапшыруу укугу орто жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн жана орнотулган окуу мерчеминин X, XI класстар үчүн бардык окуу сабактары боюнча чейрек, жарым жылдык жана жылдык баалары "5"(эң жакшы) деген баадан төмөн эмес болгон XI класстардын окуучуларына (IX класстын окуучуларына эмес) берилет, анын ичинде:

- орто жалпы билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын жүзөгө ашырган окуучулары;

9.11. "Алтын тамга" тестирлөөсүнө катышуудан баш тарткан учурда окуучу жалпы орто билими тууралуу артыкчылыгы менен аттестатына ээ болуу укугунан ажырап, аныкталган тартипте СТ түрүндө ЖМА же ЖМА (НМС) тапшырат.

9.12. Билим берүү комплексинин кеңешинин сунуштамасынын жана буйругунун негизинде IX жана (же) XI класстардын окуучуларынын билими тууралуу артыкчылыгы менен документине ээ болуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселе чечилет, бирок бул учурда окуучунун IX жана (же) XI класстарда алган чейректик, жарым жылдык, жылдык жана жыйынтык бааларын кайтадан карап чыгууга уруксат берилбейт.

9.13. Билим берүү комплексинин кеңеши IX жана (же) XI класстардын окуучусунун билими тууралуу артыкчылыгы менен документ алууга көрсөтпөө жөнүндө сунуштама киргизген учурда, баш тартуунун себептери педагогикалык кеңештин чечиминде көргөзүлүшү жана окуучуга жана анын ата- энесине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) "Алтын тамга" тестирлөөсүнүн башталышына эки жума калган убакытка чейин кабарланышы зарыл.

9.14. Негизги жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүдө жана ЖМАны (НМС) тапшырууда эң жакшы бааларга жетишкен IX класстын бүтүрүүчүсүнө билими тууралуу артыкчылыгы менен документ (негизги жалпы билими тууралуу артыкчылыгы менен күбөлүк) берилет.

9.15. Орто жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүдө эң жакшы бааларга жетишкен, X -XI класстарда окулган бардык окуу

сабактары боюнча чейрек, жарым жылдык, жылдык жана жыйынтык бааларынан "5" (эң жакшы) баа алган, ошондой эле "Алтын тамга" тестирлөөсүндө аныкталган бардык окуу сабактары боюнча "5" (эң жакшы) деген бааларга ээ болгон IX класстын бүтүрүүчүсүнө билими тууралуу артыкчылыгы менен документ (жалпы орто билим тууралуу артыкчылыгы менен аттестат) берилет.

9.16. СТ түрүндөгү ЖМАны тапшырууда жалпы орто билими тууралуу артыкчылыгы менен аттестат алуу укугун тастыктаган XI классынын бүтүрүүчүсү жалпы билим берүү уюмунун кеңешинин сунуштамасына жана жалпы билим берүү уюмунун буйругуна ылайык ЖМАны (НМС) тапшыруудан бошотулат.

9.17. ЖМАнын (НМС) документтери жана материалдары ал өткөрүлгөн жалпы билим берүү уюмунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте (1 жылдан кем эмес), ал эми сынактардын протоколдору, чейрек , жарым жылдык, жылдык жана жыйынтык бааларынын ведомсттору (анын ичинде профилдик сабактар боюнча), ошондой эле бүтүрүүчүлөргө билими тууралуу артыкчылыгы менен документтери (күбөлүк, аттестат), мактоо барагын берүү боюнча материалдар - 25 жыл сакталат.

**10. Артыкчылык көргөзгөн бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо.**

10.10. Бир же бир нече сабактарды өздөштүрүүдө жетишкендиктерге жетишкен IX жана (же) XI класстардын окуучусу башка окуу сабактары боюнча жакшы бааларга ээ болгон учурда.

"Айрым сабактарды өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн" Мактоо барагы менен сыйланат.

10.11. IX жана (же) XI класстарынын окуучуларын сыйлоо министрликтин ченем-укуктук актыларына шайкештикте жүргүзүлөт.

10.12. Бүтүрүүчүлөрдү "Айрым сабактарды өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн" Мактоо барагы менен сыйлоо чечими педагогикалык кеңеш тарабынан кабыл алынат.

10.13. Дене тарбия сабагы боюнча ЖМАдан (НМС) ден соолук абалына байланыштуу бошотулган IX класстын окуучусуна бул Жобонун 3.2. пунктунун 1-абзацынын негизинин билими тууралуу артыкчылыгы менен документ берилиши мүмкүн. Ден соолук абалына байланыштуу атайын топко киргизилген жана дене тарбия сабагы боюнча жылдык жыйынтыгында "чегерим" баасы бар IX класстын окуучусуна бул жобонун 3.2. пунктунун биринчи абзацынын негизинде билими тууралуу артыкчылыгы менен документ берилиши мүмкүн.

10.14. Орнотулган окуу мерчеминин окуу сабактарын толук өздөштүрбөгөн XI класстын окуучусуна билими тууралуу документ берилбейт.

Ден соолук абалына байланыштуу атайын топко киргизилген жана дене тарбия сабактарынан бошотулган XI класстын окуучусу бул жобонун 3.2. пунктунун биринчи абзацынын негизинде "Алтын тамга" тестирлөөсүндө милдеттүү түрдө катышкан учурда билими тууралуу артыкчылыгы менен документ алууга талапкер болушу мүмкүн.

10.15. Билими тууралуу документти жана "Айрым сабактарды өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн" Мактоо барагы бүтүрүүчүлөргө ЖМА (НМС) аяктагандан кийин салтанаттуу жыйында тапшырылат.

**11. Каржылоо.**

11.1. ЖМАнын (НМС) сынак материалдарын каржылоо билим берүү мекемесинин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.